# Ата-энелер менен иштөөнүн токтомдору.

Токтом №1

14.09.2022.

Усонкул Жумабаев атындагы Кара-Добо орто мектеби.

Кун тартиби

1. 2021-2022- окуу жылы окуу-тарбия иштеринин анализи.
2. 2022-2023-окуу жылына ата-энелер комитеттин бекитуу
3. «Ата-энелер мектебин» ишке киргизуу
4. Кутурма оорусун алдын алуу

1-маселе боюнча мектептин директору Абсаматова Н. төмөндөгүлөргө токтолду. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча мектепте 190 окуучу окуду.Алардын ичинен : 5 окуучу-отличник,41 окуучу ударник болгон.Мектепте бардык предметтер боюнча пед.кадр жетиштуу. Өткөн окуу жылында мектептин окуу-тарбиялык иштеринде көптөгөн жетишкендиктер болду. 2021-2022-окуу жылында мектептин окуучулары райондун бардык иш-чараларына катышып,ийгиликтуу кайтышты. Олимпиадалык иштерге,райондук иш-чараларга активдуу катышып жатышты.Ошондой эле мектеп АРИС менен бирдикте мектептин 3 кабинети: кыргыз тил,математика,башталгыч класстын кабинетеринин мебели алмаштырылып,компютерлерт киргизилди . Бир кабинет толук компютердик кабинет болду.Башталгыч класстын мугалимдери «Керемет окуу» долбооруна катышып,семинарларды өткөрүштү. Окуу процессинде мектептин мугалимдери ай сайын ачык сааттарды өтүп турушат.Мугалимдер ар турдуу ыкмаларды колдонуу окуучуларга кызыктуу сабактарды өтүшөт.Тарбиялык иштер боюнча окуучуларды патриоттулукка,мекенчилдикке,гумандуулукка тарбялоодо класс жетекчилер класстык сааттарды өтүшүп,ар бир окуучу менен жекече иштерди алып барышат.ИДН,ФАП менен да тыгыз байланышып,бирдиктүү иш-чараларды алып барышат.

2-маселе боюнча мектептин окуу завучу Самарбек кызы Айзат 2021-20222-окуу жылына ата-энелер комитетинин төрайымына: Чилиева Айжандыжан мучөлорүнө: Махабатова Айжаркын,Абдылдааева Айзат,Казыгулова Албинаны сунуштады.

3-маселе боюнча мектептин окуу завучу Самарбек кызы Айзат төмөндөгүлөргө токтолду. 2021-2022-окуу жылында мектеп ичинде «Ата-энелер мектебин түзүү» керектигин жана ата-энелерди мектеп менен тыгыз байланышта болуп,өз убагында келип катышып туруусун айтты.Бул боюнча класс жетекчилер тарбялык пландын негизинде иш-чараларды өткөрүшөт.

4-маселе боюнча мектептин окуу-тарбия завучу Самарбек кызы Айзат «Кутурма» оорусу боюнча доклад окулду.

Жарыш сөзгө: айылдын тургуну Жунушалиева Зыйнат төмөндөгүлөргө токтолду. Мектептин мугалимдерине ыраазычылыгын билдирүү менен,мектептеги компютердик класстын ишке кириши,балдардын азыркы кездеги билим алуусуна абдан жашы болгондугун белгиледи.Ошондой эле ата-энелер комитетинин составы туура көрсөтүлгөндүгүн айтып өттү.

Чечим:

1.2022-2023-окуу жылында ата-энелер комитетинин составы төмөндөгүдөй бекитилсин:

1.Төрайым-Чилиева Айжан

2.Махабатова Айжаркын-мүчөсү

3.Абдылдаева Айзат-мучөсү

4.Казыгулова Алина-мучөсү

2.2022-2023-окуу жылында мектеп ичинде «Ата-энелер мектеби»ишке киргизилсин жана ар бир ата-эне ишке тартылсын.

3.Жугуштуу ооруларды алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Ата-энелердин чогулушунун токтому**
**Постановление родительского собрания**

Күнү/ число/ 14.09.2022

Темасы/ тема/ Кутурма оорусун алдын алуу

Максаты/ цель/ 1. 2021-2022-окуу жылынын анализи
2. Ата-энелер комитетин шайлоо
3). Окуучулардын китеп менен камсыздалышы
4). Окуучу формалары б/ча

### Чогулуштун жүрүшү/ Ход собрания

Катышкан ата-энелер 11, к.ж. 4.
Угулду: кл. жет. Мусаева С.А.
Ата-энелер кутурма оорусу б/ча алдын алуу иштери б-ча түшүнүк алышты.
2021-2022-окуу жылында 16 окуучу, 6 кыз 10 бала аякташты. Асланбеков Арлан, башка мектепке которулду, 15 окуучу окуйт. Мектептин иштери окуу-тарб. б/ча, сабактарга даярдыктары, дневниктеринин толтурулушу ж-а коомдук иштерге катышуулары б/ча отчет берилди.
Окуучулар 98% китеп менен камсыз, дневниктерин толтуруу ж-а ата-энелердин көзөмөлүндө болуусун айтып өттү. Окуучулардын формалары б/ча мектептин жалпы чогулушунда айтылгандай кийинишет ж-а 2 окуучу форма м/н камсыз б/т. Түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
Ата-энелер комитети мурунку составы калтырылды. Мектепке ARIS тин жардамы м/н класс эмеректери жаңыртылган заманбап техникасы менен жабдылганын көрүшүп, балдарынын тартиптерин кошумча сабактарга катыштыруу айтылды.
„Кутурма оорусун алдын алуу" деген тема б-ча оорунун кесепеттери, үйдөгү ит-мышык жаныбарлары дарылоо б-ча түшүндүрмө берилди.

### Токтом кылынды:
### Постановили:

1. Окуучулардын өздүк гигиенасын, ар кандай оорулардын алдын алуу ата-энеге милдеттендирилди.
2. Ата-энелер комиссиясы мектеп менен тыгыз байланышта болуусу милдеттендирилди.

## Ата-энелер чогулушунун № 2 протоколу

Темасы: 1-4 класстарда ысык тамак уюштурууда ата-энелер тарабынан өз ыктыяры менен кошумча каржылоо.

Катышкандар: 35 адам

Куну: 15.09.2022

Жыйналыштын кун тартиби:

1) 1-4 класстарда ысык тамак уюштурууда ата-энелер тарабынан өз ыктыяры менен кошумча каржылоо

2) Ар кандай маселелер

Угулду:

1-маселе боюнча мектептин окуу тарбия завучу Самарбек кызы Айзат мектепте уюштурулган ысык тамак боюнча 1-4 клас-тын ата энелерине түшүнүк берди. Ысык тамактын окуучулардын ден соолугуна чыңдоосуна берген таасири жөнүндө ата-энелерге маалымат берди.

Ата-энелердин макулдугу менен ата-энелер комитетинин төр айымы Карыпова Аидага сөз берилди. Аида балдарга ысык тамакты уюштурууда кошумча каржылоо керектигин ата-энелерге сунуштады жана өз каржылоону колдорун айтты. Ата-энелер ар бир балага күнүнө кошумча 10 сомдон өз ыктыяры менен каржылоону колдошту.

Чечим:

Ата-энелердин чогулушу жогорку маселени карап чыгып төмөнкүдөй чечим кабыл алды.

1) Кошумча каржылоону ата-энелер өз [illegible] алышты жана жообун Карыпова Аидага жүктөлдү.

Ата-энелер комитетинин торагасы: [signature] Карыпова Аида

Катчысы: [signature] Жетигенова Гулнара